# КЫРГЫЗ ТИЛИ 7-КЛАСС ВАРИАНТ № 3

*(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**Аты-жөнү:** ____________________________________

2020

**№ 1. Шилтеме ат атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Бүгүнкү күнкү окуя абдан кызыктуу болду.
**Б)** Кызыл жоолук кыздарга жакшы жарашты.
**В)** Ошол күнкү окуя менин эсимден кетпейт.
**Г)** Сиз бүгүн бактылуу адам болдуңуз.

**№ 2. Сын атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Алина кызыктуу китепти окуду.
**Б)** Көргөзмөдөн кызыккан китептерин алышты.
**В)** Айтылган кептери кызыктуу болду.
**Г)** Апамдын айткан жомогу кызыктуудай сезилди.

**№ 3. Тактооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Мага жалбыздын жыты сезилди.
**Б)** Чөптөргө жашынган курттарды ойготом.
**В)** Табият сулуулугу бардык адамга сезиле бербейт.
**Г)** Таң эрте шүүдүрүмдү көрөм.

**№ 4. Асты сызылган сөздөрдөн мезгил тактоочту белгилеңиз.**

**А)** Көнгөн адаты боюнча дагы <u>көп</u> сүйлөдү.
**Б)** Буудайдан <u>тонналап</u> түшүмдү <u>мол</u> алышты.
**В)** Уялгандан <u>анда-санда</u> гана көрүндү.
**Г)** <u>Илгертеден</u> келе жаткан салтты унутпайлы.

**№ 5. Асты сызылган сөздөрдөн орун тактоочту белгилеңиз.**

**А)** <u>Кечкисин</u> неберелер жомок укту.
**Б)** Үйүн көздөй <u>жай</u> кетип бара жатты.
**В)** Тиккен теректери <u>бийик</u> болуп өстү.
**Г)** Элдин <u>арасында</u> жакшы кеп айтылат.

**№ 6.** Сын-сыпат тактоочту белгилеңиз.

**А)** Бир маалда асмандан жамгыр төктү.
**Б)** Кыр-кырларда жылкылар жайылып жүрөт.
**В)** Бактыгүл ийгиликке бат жетти.
**Г)** Миңдеген нөшөрлөгөн тамчылар жерге түшүп жатты.

**№ 7. Сүйлөмдү толуктаңыз:**
*Анын урматына музыка ... этип угулду.*

**А)** чыйк-чыйк
**Б)** тып-тып
**В)** дүңк-дүңк
**Г)** жарк-журк

**№ 8. Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Капырай, сен эмне болуп калгансың?
**Б)** Алло, угулуп жатабы?
**В)** Алдей-алдей, уктай гой.
**Г)** “Күчү-күчү”, – деп, итин чакырды.

**№ 9. Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Тысс, акырын сүйлө, башкаларга угулбасын.
**Б)** Тобо, сен ушундай ишти жасадыңбы?
**В)** Ой, жашабагыр, улууларга каяша сөздү айтпай жүр.
**Г)** Кап, бул ишти билгенде өзүм барсам болмок экен.

**№ 10. Сырдык сөздүн тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Ко-куй? Тез жет, качып кетет.
**Б)** А-а мына, сен да келдин.
**В)** Ээй, окусаңар тиги Алтынайдай окугула.
**Г)** А-ай бала, мен сага кечээ айтпадым беле.

**№ 11. Үтүр белгисин туура коюуңуз.**

*Пай-пай (1) быйылкыдай (2)жайдын ушунчалык (3) мээ кайнаткан ысыганын (4) көргөн эмесмин (5) сенчи?*

**А)** 1, 2
**Б)** 1, 5
**В)** 2, 3
**Г)** 1, 4

**№ 12. Сүйлөмдү толуктаңыз.**

*___, Алинанын келбегенин карачы.*

**А)** Бах
**Б)** Ыя
**В)** Кап
**Г)** Ырахмат

**№ 13. Төмөнкү сүйлөмдөн атоочтукту бөлүп көрсөткүлө.**

*Ал ыр үчүн киндик каны тамган Ата Журтунан алыс кетти.*

**А)** Ал ыр үчүн
**Б)** киндик каны
**В)** тамган
**Г)** Ата Журтунан

**№ 14. Кайсы сүйлөм атоочтукка мисал боло алат?**

**А)** Кино көрүүчү залда жаңы кино коюлду.
**Б)** Кино залда жаңы кино коюлду.
**В)** Сынчылар тарабынан киного сындар айтылды.
**Г)** Жаштар кино залда кино көрүштү.

**№ 15. Чакчылды белгилеңиз.**

*Бүгүн айды булут басып калды.*

**А)** Бүгүн
**Б)** айды
**В)** булут
**Г)** басып

**№ 16.** Чакчылды уюштуруучу мүчөнү белгиле.

**А)** -майынча
**Б)** -бас
**В)** -чы
**Г)** -кер

**№ 17. Атоочтукту уюштуруучу мүчөнү белгиле.**

**А)** -га
**Б)** -ып
**В)** -ында
**Г)** -оочу

**№ 18. Асты сызылган кыймыл атоочтун синтаксистик кызматын белгиле.**

*Ишке эргүү адамдын өзүнөн болот.*

**А)** ээлик
**Б)** баяндоочтук
**В)** аныктоочтук
**Г)** толуктоочтук

**№ 19. Кыймыл атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**

**А)** Ар адамдын сүйгөн кесиби болот.
**Б)** Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.
**В)** Калптын казаны кайнабайт.
**Г)** Жаман адат бирөөнү алдамай болуп саналат.

**№ 20. Сүйлөмдү жандооч менен толуктаңыз.**

*Ат чабышта күлүктөр__ чоң байге сайылды.*

**А)**жөнүндө .
**Б)** үчүн
**В)** тууралуу
**Г)** сыяктуу

**Тесттин жыйынтыгын баалоо:**

- Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат. Тестке жалпы максималдуу 20 балл берилет.
- Топтолгон баллды 5 баллдык баалоо шкаласына которуу:

| Балл | Баа |
|---|---|
| 1-6 | "2" |
| 7-10 | "3" |
| 11-14 | "4" |
| 15-20 | "5" |